Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүү мектеби




**Тема: 3-декабрь-Эл аралык майыптар күнү**

7 - [illegible] класс

Класстык мугалими: Кожобекова Д.

2022-2023-окуу жылы

# Тема: 3-декабрь-Эл аралык майыптар күнү

## Майыптар жөнүндө маалымат

"Майыптар жонундо маалымат" - ден соолугу таза адамдын бардык органдары өз орду менен так иштейт. Бирок керектүү кыймылдарды жасай албаган адамдар да кездешет. Андай адамдардын травмадан, оорудан же органикалык жетишсиздиктерден улам чектелүүсү пайда болгон. Алар ден соолугу чектелген же майып адамдар.

Силер жолдо жай басып, таякчасы менен жерди чукулап бараткан адамды көрдүңөр беле? Булардын көрүүсү бузулган. Кулагы катуу, дүлөй адамдар да бар. Таяныч-кыймыл органдарына доо кеткен адамдарга балдак же атайын коляскалар керектелет. Булардан бөлөк ички органдары дартка чалдыккандарга атайын режим талап кылынып, өз убагында дарыларын алып туруу шарт. Мындай адамдар туш болгон кыйынчылыктарды жеңсе болот.

Тегерегиндеги адамдар алардын мүмкүнчүлүгүн эске алса, керектөөлөрүнө жараша ыңгайлашат. Маселен, соода борборлорунда коляскада келгендерге шарт түзүлүшү ылайыктуу. Коомдук транспортто да атайын жабдуулар керектелет. Тепкичтерге кармагыч орнотулуп, анча тик болбоосу тийиш. Көзү начарлар тез байкагандай дүкөндөрдүн эшиктерин ачык сыр менен боёлгону ылайык. Ден соолугу чектелүү адамдар деле көпчүлүк кишилердей экенин эстен чыгарбоо зарыл.



Кыйынчылыктарга моюн сунбай, алардын айрымдары турмушта чоң ийгиликтерге жетишип, белгилүү, атак-даңктуу болгон учурлары көп. Улуу композитор Людвиг Ван Бетховендин кулагы катуу болгон. Бирок бул кемчилик ага жолтоо боло албаган, ал жараткан музыка дүйнө өлгөндө гана жок болот.


Катуу оорудан кийин Американын президенти Теодор Рузвельттин эки буту тең шал болуп калган. Бирок эл аны төрт ирет президенттикке шайлаган. Азыркы кезде ден соолугу чектелүү спортчулардын Олимпиадалык оюндары өткөрүлүп турат. Ар кандай өлкөлөрдүн спортчулары бул оюндарда организмдеги жетишпегендиктер бактылуу турмушка эч кандай кедергисин тийгизе албастыгын далилдеп келишет.

Стивен Хокинг деген адамды билесизби? Атактуу физик-теоретик, космолог жана жазуучу. Хокингдин кыймыл аракет нейронунун сейрек кездешүүчү амиотрофикалык склероз оорусу болгон. Өмүр бою коляскада отуруп, ал жада калса сүйлөй алчу эмес, бирок ал адам дүйнө тирүүдө элеси жашай берет.

Биздин айталы дегенибиз майыптар кадимки дени соо адамдардай эле адам, кээде бизден да улук, майып болсо да ар бир адам ийгиликке жетип, тарыхта изин калтырып кетүүгө ар бирибиздин мүмкүнчүлүгүбүз бар.

**Эсинерден чыгарбагыла:**

- Бардык адамдардын укуктары бирдей.
- Ден соолугу чектелген адамдарга коом көмөк көрсөтүшү милдет.




Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси.

Тарбиялык саат.


# Тема: 5-март-Ак калпак күнү

Класс жет: Дөөлөтова Г.

2022-2023-окуу жылы.



# 5-март – Ак калпак күнү



Жылда 5-мартта Кыргызстанда улуттук баш кийим ак калпактын урматына **Ак калпак күнү** белгиленет. Бул күн Жогорку Кенештин 2016-жылдын 29-июнундагы №825-VI токтому менен улуттук баш кийимдин маанисин сактоо жана сыйлоо, улуттук салты колдоо жана элдин кыргыз маданиятына болгон сыймыктануу сезимдерин ойготуу максатында кабыл алынган. Ак калпак куну официалдуу эмес түрдө 2011-жылы майрамдала баштаган. Кунду белгилөөнүн инициатору катары режиссер Рысбек Жабиров болгон. Анын сөзү боюнча ак калпак, улуттук символ катары кийин муундар тарабынан унутта калбаш керек, ошондуктан ал өзүнүн майрамдык датасына ээ болуш керек деген ойлорун билдирген. Ал эми 5 март калпак куну байчечекейлер чыгып, жаздын күндөрүнүн бири болуп, эң ылайыктуу күн катары кабыл алынган. Жылдан-жылга майрамдык күн массалык популярдуулукка ээ болуп, 2016-жылы официалдуу статус алган.

**Ак калпак тарыхы**

Ак калпак байыртан эле кыргыз эркектеринин улуттук баш кийими, ата-бабаларыбыздын мурасы катары саналып, өзүнө терең философияны камтыйт. Формасы, оймо-чиймелери, өзгөрбөстөн муундан-муунга өтүп келген. Калпак аркылуу кыргыздар адамдын жашын, коомдогу абалын билишкен. Бүгүнкү күнү дагы бул байыркы улуттук баш кийим өлкөбүздө кеңири колдонулат. Калпакты ардактуу, кадырлуу адамдарга белекке беришип, майрамдарга, жумушка, кыскасы кадимки турмуш-тиричиликте кийишет.

Айтмакчы, учурда түрдүү иш-чараларда, майрамдарда ижара калпак тартуулоо салтка айланып баруууда. Ал эми Кыргызстан спортчуларынын эл аралык спорт мелдештериндеги параддык формаларына сөзсүз түрдө калпак кирет. Ак калпак - тоолордун жана тазалыктын символу. Анын формасы Кыргызстандын ак кар, көк муз баскан тоо чокуларын элестет. Кыргыздардын "Манас" эпосунда да Кыргыздар калпагы башынан түшпөгөн эл деп айтылат. Калпакка болгон мамиле кыргыздарда өзгөчө десек болот, аны таза кармап, ыргытып же тегеретишпейт, эки колдоп гана чечүү керек, илгери кыргыздар

керге койбой бийигирээк же жанына коюп алышкан. Кыргыз өз калпагын атпайт, бирөөгө бербейт, бир гана мурас катары берсе болот. Калпакты жоготсо же бирөөгө берсе анда адам кадыр-баркынан, акылынан жана аброюнан ажыраган болот деп айтылат.


Кыргыз калпактары бычылышы боюнча түрдүү болгону менен, негизинен ылдый жагы кең болгон аны төрт кыйыктан тигишкен. Кыйыктарды каптaлдарынан тигишпейт, бул калпактын талаачаларын өйдө же төмөн түшүрүүгө мүмкүндүк берген. Салтка ылайык оймолорун жибек жип менен тигишип, талаачаларын кара баркыт менен бастырышкан. Чокусун чачыча менен көркөмдөлүп, ал калпакта салаңдап турат. Тышкы жөнөкөйлүгүнүн артында кылымдар бою тууралaнып келген ыңгайлуулук менен тыкандык жатат.

Кыргыз маданиятында ак калпак эң демократиялуу баш кийим болгон. Аны бүт эркектер кийишкен - бай-манаптан баштап кедей-кембагалдары, жашы, карысы. Формасы жана түстөрү менен гана айырмаланып турган. Мисалы, ак сөөктөр, ырчылар бийигирээк калпак кийишип, ичке кылдуу жүндөн, кымбат баркыттан бычылып, өзгөчө оймолор менен коздолгон.

Бүгүнкү күнү Кыргызстандын тикмечилери түрдүү фасондогу калпактарды даярдашат, майрамдык, күнүмдүк, балдарга, карыларга. Калпактын 80дей түрү бар деп айтылат, алар формасы, татаалдыгы, мааниси жана ыңгайлуулугу менен айырмаланышат. Чыныгы ак калпак табигый, жаңы тазаланган, ак ичке кылдуу койдун жүнүнөн дайындалат. Дал ушундай жүндөн жасалган калпак кышкысын суукtан сактап, жайкысын ысыктан коргоп, жаанда суу өткөрбөйт, формасын жоготпойт.

Жылда **Ак калпак куну** Республикабызда, өгөчө Бишкек шаарында, майрамдык салтанат, атайын иш-чаралар, жарманкелер, концерттер, флэшмобтор өткөрүлөт. Мектептерде маданий-массалык иштер жүрүп, бардык эркектер бул күнү калпак кийишет.







## КАЛПАК ТҮРЛӨРҮ


**алпакты өңү түсү боюнча ажыратуу**


ыргыз элт баласы бойго жете электе кыюуусу жашыл калпак кийгизишкен. Ал аланын жетилип келе жаткандыгын туюндурат.






Бойго жеткенде кыюуусу кызыл түстүү калпакка кийгизип, андай баш кийим кийген жигит кыз жандоого, өмүрлүк жар байкоого акылуу эле. Мурда кыштакка кыюуусу кызыл калпак кийип келген жигитти "аа бойдок экен" же "жар издеп жүргөн экен" деп билишкен.







Эр-жигит кыз алып, турмуш улаганда, үйлүү-жайлуу болгондо кыюуусу кара калпак башынан түшкөн эмес. Андай калпакты мурда кыз жак даярдап, күйөө алага беришкен. Кара кыюуулуу калпак эр-жигиттин үй-бүлөсү бар, кара менен ак аралашкан турмушта жашап жатканын билдирген. Кырсык болуп, өмүрлүк жары жашоодон өтүп кетсе, эри кара кийиз калпак кийген.



Эр-жигиттин кадыры көтөрүлүп, калк башында туруугa кучу жетсе, мындай жигит ак калпак кийген. Калпагына карап, жигитти төргө карай өткөрүп, кээде эт тартканда, тааныбаган адамдарга баш кийимине жараша устукан тарткан. Ак калпакты айкөл, калыс, адилеттуу, акылман адамдар кийишкен.




Манаптар, айыл башы, деги эле бийликте турган адамдар жонокой элден айырмаланып, төбөсү шуншуйган калпак кийген.
Мындай калпактар кийинчирээк Бакай калпак атка конду.




ражалуу адамдардын кадыр-даражасы канчалык экенин калпактын кыюусуна
лынган оюу, ошол оюулардын арасына кыстырыла кеткен асыл таштар айкындап
рган.

**омдардын мааниси**


зш балага колдоп, жандап жүрсүн деген мааниде умай эне, жаман коздон сактасын
п карганын тырмагын, акыл-ою таза болсун деп булак жана башка ушул сыяктуу
>м менен калпагын коркомдошкон. Ушуга байланыштуу оюмдардын аталыштары
з жараша болгон.




Балык





Умай Эне




Карганын тырмагы








Эр-жигит ан улоого менен алек болсо, калпактарына мисалы, тоо теке,
бүркут, аркар оюмдарын түшүргөн.




Тоо теке





Бүркүт



Аркар







Ы. Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси

# Тема: “Ата даңкын уул көтөрөт”

5-класс

Класстык мугалим: Өскөн кызы Г.

2022-2023-окуу жылы

# 7. Ата даңкын уул көтөрөт.




**Сабактын максаты:**

1. Атанын баркын убагында билип, сый-урмат корсотуу зарылдыгын тушунот.
2. Жакшы уул ата учун кандай жогору мааниде экендигин билет.
3. Озундо жакшы сапаттарды тарбиялоого оболго тузот.

**Сабактын жабдылышы**: Суроттор, таркатма материалдар.

**С а б а к т ы н ж у р у ш у :**

**I. Уюштуруу:**

«Алтын эрежени» кайталоо.

**II. Киришуу:**

Балдар бугун биз озубуздун эн урматтуу жана ишенген, таянган адамыбыз

«АТАбыз» жонундо соз кылабыз. Ата дегенде биз эсибизди тааныгандан бери, бизди коргоп, багып, эс-акылын айтып, таш сепилдей тышкы кыйынчылыктан сактап келген улуу адамды элестетебиз. Уй-було –бул кичи мамлекет болсо, анын президенти ата. Ал уйдун алмштыргыс туркугу сыяктуу уй-булону солк эттирбей кармап турат.

- Эми ойлонуп королу ушундай ардактуу адамыбызды кантип сыйлап жатабыз?

(Балдар жооп беришет)

- Туура балдар, эн алгач атанын тилин угуу,анын айткандарын аткаруу, жардам беруу, конулун которуу, сабактардан жакшы бааларды алып кубантуу ж.б.

**III. Топтордо иштоо:**

Эми балдар, «Уул жакшысы-урмат» -дегендей атага кандай уул болуу керектигин ойлонуп королу:

**1-окуучу:**

*Уулун жакшы болгон сон,*
*Кымбат баа жакут таш.*
*Кызык базар коргондой,*
*Ар жыйында кеп урса,*
*Ар кандай пендеконгондой.*
*Конулу ачык жаркырап,*
*Жолу болгон мергендей.*

**2-окуучу:**

*Уулун жаман болгон сон,*
*Кичи келсе кенебейт.*
*Кишиге озун тенебейт.*
*Оолугуп суйлоп обу жок,*
*Озакылын ченебейт.*
*Соолотундо шаани жок,*
*Созу жукпайт маани жок.*

Озунор айткандай, «Жакшы уул-ал ата мурасы, атанын калтырган табериги». Элибизде «Баланчанын уулу элдик чыкты, атасы олбоптур, минтип анын асыл иштерин улап олтурат. Эл учун, жер учун мин толгонот…» деген создорду угуп, кубанып калабыз.

Тескерисинче , жакшыдан моон( моон-малдын ички ичеги карын органы), жамандан жаан-(кутуусуз чыккан жакшы сапат), мында жакшы атаны жер каратуу жонундо айтылат.

Класс уч топко болунуп, томонку атадан туулган уч бала жонундо сыпаттап кетели:

1. Атадан артык туулган бала.
2. Ата менен тен туулган бала.
3. Атадан кем туулган бала.

Ар бир топ озуно тийген тапшырманы талкуулап, жазып, бирден окуучу чыгып окуп берет.

**1-топ:** Атадан артык туулган бала.
Атадан артык туулган бала, атасы билбеген созду суйлойт. Атасы бийлебеген элди бийлейт. Атасы корбогон жерди корот. Атасы доолабаган доону доолайт. Атадан артык
чыкты деп атасына, айылына, туулган жерине, окуган мектебине, тууган-уругуна, атак- данк алып келип, эли журтуна мекенине кызмат кылат.

**2-топ:** Ата менен тен туулган бала.
Ата менен тен туулган бала, атанын баласы болуптур, атасы ушундай жакшы киши эле, атасын тартыптыр, атасы да бироого кара санабаган, ак конул, бироого зыянын тийгизбеген, эли жери учун коп пайдалуу иштерди жасаган, илимдуу, билимдуу, алдынкы адамдардан эле, баласы атасын жазбай тартыптыр деп атага жакшы соз алып келет, атанын уулу дедирет, эл журтуна соз тийгизбейт.

**3-топ:** Атадан кем туулган бала.
Атадан кем туулган бала, атасы жакшы киши эле, атасынын эч нерсесин тартпаптыр, ушундай кишинин баласы да ушул ишти жасайбы, кайран гана ата, баласы кымындай да тартпаптыр деп, элден наалат соз угуп, атасынын наамына шек келтирет. Уккан билген адамдын зээнин кейитет.

**IV. Жыйынтыктоо:**
Кордунорбу балдар, бала жакшы болсо да, жаман болсо да «Кимдин баласысын деп» сураганы бекер кеп эмес экен. Жакшы балага ыраазы болуп «атана рахмат» десе, жаман балага «атана наалат» деп, атасына соз тиет. Демек атага алкыш алып беруу да, жаман созго, жаман абалга калтыруу да баладан экен. Баласы жакшы атка конгон ата сыймыктанып чексиз кубанса, баласы жаманатты болгон ата жер карап кайгырат.

Ошондуктан балдар атабызга жакшы соз , алкыш алып бергенге дайыма аракет кылалы.
Аны эч качан уялтырып жер каратпайлы. Жакшы уул бололу!.

Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси.



# Тема: Биз-Кыргызстандын келечегибиз !

3 - класс

Класстык мугалим: Тургунбаева С.

**2022-2023-окуу жылы**

Байкашка-Терек айылы

# -СЕНТЯБРДАГЫ КЛАССТЫК СААТ: БИЗ — КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИБИЗ!

*1-4-класстары үчүн класстык саат*

Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк: Кыргызстандын баалуулуктары тоолору, жаратылышы тууралуу окуучулар маалымат алат.

Өнүктүрүүчүлүк: Алган билимдерин өркүндөтүшөт жана турмушта колдонууга багыт алат.

Тарбия берүүчүлүк: Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө салым кошуучу жарандык

милдеттерин билүүгө өбөлгө түзүшөт.

Сабактын тиби: жаңы малыматтарды менен таанышуу

Методдор/технологиялар: топтук иш, суроо-жооп, аңгемелешүү

Ресурстар: сүрөттөр, карточкалар, техникалык каражаттар

Сабактын жүрүшү

Уюштуруу:

*Мугалим окуучулар менен учурашат. Балдардын сабакка даярдыгын текшерет.*

Жагымдуу маанай түзүү:

Саламатсыңарбы, кымбаттуу окуучулар! Баардыгыңарды Билим күнү майрамы менен куттуктаймын! Быйылкы окуу жылы бардыгыңарга ийгиликтерди алып келсин! Сабагыбызды Кыргыз Республикасынын Гимни менен баштайбыз.

*(Окуучулар төменкү ырды мугалимдин артынан кайталашат)*

Салам, алтын күн!

Салам, көк асман!

Салам, жер эне!

Салам, Кыргызстан!

— Биздин бүгүнкү сабагыбыз мекенибиз Кыргызстан жөнүндө болот.

*Окуучуларды 1, 2, 3 деп санатып топторго бөлүп алуу. Бөлүнгөн топтор берилген ыр саптарынын негизинде топторунун атын аныкташат.*

1-топ "Ата-Журт"

Жылуу кийин жолуң кыйын үшүүрсүң

Кышта катуу бороон улуп, кар уруп,

Суугуңду өз мойнума алайын,

Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!

2-топ "Жер эне"

Жаралгандан жандарга,

Койнун ачкан Жер эне

Адам, айбан дебестен,

Мээрим чачкан Жер эне.

3-топ “Мекен”

Мекеним менин — Кыргызстан

Сыймыктанам, мактанам!

Бийик тоолуу, асыл деп,

Көргөндүн баары суктанган!

— Ошентип биз топтордун атын аныктап алдык, эми сабагыбызды уланталы.

— Келгиле анда төмөнкү видеону чогуу көрүп алалы:

*( видеонун ордуна төмөнкү маалымат менен тааныштырса да болот)*

Кыргыз Республикасы демократиялык жолдогу эгемендүү мамлекет. Ал борбордук Азияда жайгашкан. Анын символикалык белгилери бар, алар: Гимн, Желек, Герб. Аянты 199000 км². Өлкөнүн курамында 7 област, 40 район, 31 шаар бар. Борбору – Бишкек шаары.

Кыргызстан абдан кооз өлкө. Асман мелжиген бийик тоолорубуз, терең көлдөрүбүз, таза аба, мөңгү сууларыбыз көп. Кыргыз эли көп кылымдык тарыхы, кайталангыс маданияты, каада – салты бар, улуттук тилин аздектеген эл. Түндүк аймагында кар кете элек болсо, түштүгүндө – тоо этегинде алма-өрүк гүлдөйт.

Кыргыз бермети Ысык-Көл менен сыймыктанабыз!

Ч. Айтматов, И. Акунбаев, И. Раззаков, Г. Айтиев, А. Малыдбаев, С.Каралаев, И. Арабаев, М. Базаркулов, И. Бекбоев, Л. А. Шейман, П. Шубин, С. А. Чуйков ж.б. сыяктуу гений жана таланттуу инсандар мекенибиздин, элибиздин атагын чыгарган. Улуу акын жана жазуучулардын, таланттуу сүрөтчүлөрдүн, манасчылардын мекени. Биздин жер алтын, сымап, темир, калай, аш тузу, гранит, көмүр, уран ж. б. пайдалуу кендерге бай.

Кыргызстан көп улуттуу мамлекет. Кыргыз эли – кылымдар бою тарыхы, уникалдуу маданияты, салты жана улуттук тили бар эл. Кыргызстан эли, өздөрүнүн улуттук майрамдарын бири-бирин колдоо, элдин биримдигин бекемдөө менен майрамдашат.

Учурда биздин өлкөдө 6 500 000 дөн ашуун адам, 120 улуттар жашайт. Кыргызстандын эли – бирдиктүү эл. Ар бир кыргыз жараны үчүн тынчтык жана ынтымак өзгөчө мааниге ээ.

Суроолор берилет:

Өлкөнүн курамында кайсы областтар бар?
Кандай каада-салттарды атай аласыңар?
Кыргыз элин дүйнөгө тааныткан жазуучу ким?
Биздин мамлекетте жашаган кайсы улуттарды билесиңер?
Кыргыз Республикасынын кандай символикаларын билесиңер?

*Окуучулардын жооптору (ар бир жооп — бул окуучунун маеги. Мугалимдин колунда микрофон болушу жана окуучулар менен маектешүүнү уюштуруусу зарыл).*

*Мугалим жаңы маалыматты маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын жардамы менен берет:*

Балдар биздин президентибиз Садыр Жапаров «2022-жыл – Тоолорду коргоо жана климаттык туруктуулук жылы» деп жарыялаган.

Кыргызстанда ажайып кооз корук жайлар, сууларыбыз ден соолугубузду чыңдоого, эс алууга багытталган.

адеп-ахлакты жана адеп-ахлактуулукту өнүктүрүү үчүн Кыргызстандын ар бир этносуна мүнөздүү жүрүм-турум нормалары, каада-салттары жана үрп-адаттары, тил маданияты алардын өз балдарын тарбиялоо үчүн кызмат кылат.

-Балдар, «Кыргыз жараны» деген эмне? Силер муну кандай түшүнөсүз?

Элдердин достугун сактоо үчүн биз эмне кылышыбыз керек?

«Кыргыз жараны» – бул биздин өлкөбүздө жашаган Кыргызстан эли. Алар ар кайсы улуттагы элдердин биримдигинен, бири-бирин урматтоодон улам Кыргызстандын гүлдөшүн камсыз кылышат. Биз ынтымактуу, достук мамиледе, бири-бирибизди урматтап, сый мамиледе болушубуз керек.

-Балдар, жаратылыш деген эмне?

Жер бетиндеги аба, суу, топурак, өсүмдүктөр, жаныбарлар, канаттуулар, жер алдындагы ар түрдүү кендер ж.б. бизди курчап турган – бул жаратылыш. Жаратылыш ар бир өсүмдүктүн, ар бир жаныбардын, ошондой эле жарандын да үйү. Ошондуктан курчап турган дүйнөнү: абаны, сууну, топуракты булгабай таза сактайлы. Чөптөрдү тебелеп, бак-дарактарды сындырбайлы.

Бышыктоо:

Бүгүнкү сабакты "Жаратылыштын жаш досторунун эрежелери" менен бышыктагым келип турат.
Ар бириңер ушул эрежелерди дайыма так аткараарыңарга ишенем!
Абаны таза сактоо;
Сууну үнөмдүү пайдалануу;
Канаттууларга камкордук кылуу;
Өсүмдүктөрдүн гүлдөп, өсүшүнө салым кошуу;
Жер-биздин үйүбүз! Ар бирибиз планетабыздагы жаратылышыбызды сактап калууга аракет кылалы.

Жыйынтыктоо:

Сабакты жыйынтыктоо максатында "Кыргызстан 10 жылдан кийин ........" – деп кыскача оюңарды бир сөз менен алдыңардагы стикерлерге жазып, доскада илинген картанын бетине чаптагыла.

Баалоо:

Доскага чапталган стикерлер аркылуу окуучулар өзүн-өзү баалашат жана мугалим ар бир топтун иш аракеттерине карата баалоо жүргүзөт.

Үй тапшырма:

"Айлана чөйрө биздин досубуз" темасында эссе жазуу.

**Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүү мектеби-мекемеси.**

# ТАРБИЯЛЫК СААТ



**Мугалим:** **Алимбекова Г.**

# Бугунку тема:
# Бала укугу-ыйык



Сабактын максаты :

1. Окуучулар "Балдардын укуктары" боюнча маалымат алышат.

2. Окуучулар слайд корушот, ойлорун айтышат. Суроолорго жооп беришет.

3. Окуучулардын укуктарын билууго уйронушот, милдеттерин так аткарууга конугушот.

- 1989-жылы 20-ноябрда "Балдардын укугу жонундо Конвенция" кабыл алынган.
- *20-ноябрь Бүткүл дүйнөлүк балдар күнү.*
- *1-июнь балдарды* коргоо күнү.

# Балдардын укуктары

**20-кылымдын башында балдарга карата зордук-зомбулуктарды тыюу максатында алгачкы расмий документтер, нормативдик актылар алдыңкы өнүккөн мамлекеттерде кабыл алына баштаган**




**Балдар үй-бүлөдө тарбияланууга жана камкордукка укуктуу.**




**Балдар өз оюн билдирүүгө укуктуу**



**Балдар эс алууга укуктуу.**




**Балдар эне тилинде сүйлөөгө, өзүнүн динин тутунууга жана өз элинин маданиятын сактоого укуктуу.**



**Балдар бактылуу балалыкка УКУКТУУ**



**Балдар оор кара жумуштан корголууга укуктуу**



# 23-сентябрь-Кыргыз тилинин майрамы

Эне тил – эл тарыхын баяндаган,
Тарыхы эне тилин аяндаган.








9^а класс. кл жет: Кобоева

# 23-сентябрь - Кыргыз Республикасынын улуттук тил күнү

**Мамлекеттик** тил – мамлекетте иш кагаздарын жана сот иштерин алып барууда, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутууну жүргүзүүдө бир өлкөдө милдеттүү колдонулуучу тил. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети 1989-жылы 23-сентябрда "Кыргыз ССРинин Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзам кабыл алынып, андан сон кыргыз тилине мамлекеттик тил макамы берилген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили Мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.

Кыргыз тили Мамлекеттик тил статусун алуу менен, Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын тилдеринин өнүгүшүнө кам көрүү конституцияда, тил мыйзамында баса көрсөтүлгөн. Ошондуктан мектептерде орус, өзбек, казак, дуңган жана башка тилдерде окутуу жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин палаталары кабыл алган мыйзамдар мамлекеттик тилде жана расмий тилдерде жарыяланат. Иш кагаздары, сот иштери мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Эгерде айыпкер сот иши жүрүп жаткан тилди билбесе, анда ага эне тилде сүйлөө же тилмечтен пайдалануу укугу берилет. Кыргыз тилине Мамлекеттик тил статусунун берилиши – адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө болгон зор кадам, ошону менен бирге коомдун руханий жаңыланууга, жаңыча ой

ЖҮГҮРТҮҮГӨ БАГЫТ АЛУУСУ.

# Тил жөнүндө макалдар

Өнөр алды кызыл тил,
Жети атаңдын тегин бил.

Көптү үйрөнгүн талбастан,
Жети элдин тилин бил.

Эне тилиң эне сүттөн өтөт.

Эне тилим кутман тил,
Кутман тилди жакшы бил.

Элди түбөлүк эл кылып турган анын тили.

Тилим барда улутмун,
Тилим менен улукмун.

Эне тили болбосо,
Аты аталбайт улуттун.

Тил-мамлекеттин күзгүсү.

Ата Журт эне тилсиз даңкталбайт.

Эне тил Ата Журтсуз сакталбайт.

## Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил гимни

Созу Сейит Алтымышовдуку

Музыкасы Бакыт Алишеровдуку

Тил жаралып, Коко-Теңир таңынан,
Адамзаттын доолотуно буйруган.
Адам деген туп созунон элимдин,
Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган.

**Кайырма:** Кыргыз тили журогум,
Манас ата туу туткан
Кыргыз тили – Мекеним,
Менин олком Кыргызстан!

Мекен тили Атажурттун кареги,
Биримдиги, куч-кубаты, тиреги
Мекен тили куттуу кыргыз элимдин,
Кокурокто согуп турган журогу.

**Кайырма:** Кыргыз тили журогум,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – Мекеним,
Менин олком Кыргызстан!

Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы,
Мекен тили бак-таалайдын кутманы.
Мекен тили кан-жаныбыз, туубуз,
Атажурттун келечеги, ак таңы.

**Кайырма:** Кыргыз тили журогум,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – Мекеним,
Менин олком Кыргызстан!

# Кыргыз тили

Кыргыз тили-кылымдарды баскан тил,
Кыйын доор ашуулардан ашкан тил.
Канга сиңип,намыс коргоп,ок болуп,
Душмандардын жүлүнүнө баткан тил.
Кыргыз тили доско кымбат,бир тууган,
Карыялар насаат айткан нарктуу тил.
«Манас», «Төштүк» толгон эпос тилиме,
Дүйнөдөгү теңдешсиз кенч жаткан тил.
Кыргыз тили макалага бай,сырга бай,
Кан дүргүткөн,жан эргиткен тилге бай.
Киргил кылбай жат сөздөрдү кастарла,
Сактайлычы тунук аккан дайрадай.

Кыргыз тили-кылымдардан баскан тил,
Кыргыз тили-көркөм дүйнө дастаны.
Кыргыз тили-бабам Манас жашаган,
Мезгилден зор тарыхы каткан тилим.
Бирге жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм,
Бул тил менен иштейм,сүйлөйм,ыр ырдайм.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм

# Эне тилим - эне сүтүм

Кыргыз тилим балдай ширин таттуусун,
Көңүл кушун көкөлөтүп шаттуусун.
Мезгил басып, кылымдарды карытып.
Дүйнөдөгү чоң тилдердей барктуусун.
***
Чакан элди улуу элдерге теңелтип,
Көңүл ачып, көл-дайрадан кеңелттин.
Кат-сабатсыз болсо дагы рухун,
«Манас» сындуу дастан менен ченелттиң.
***
Башта мынча ким билиптир кыргызды,
Сен дүйнөгө бердин Түкө, Чынгызды.
Алар кайра атагынды көтөрүп,
Алкагыңды айга чейин жылгызды.
***
Кыргыз тилим, менин дилим сүрөөнүм,
Алмаштырбайм тилдерине биреөнүн.
Кыргыз тилим дагы өсүп өркүндө,
Ошол менин сага болгон тилегим.
***
Кыргыз эли эне тилди сактайлы,
Колдон келсе болушунча барктайлы.
Бөтөнчөлөп көп улуттун тилинен,
Бүт дүйнөгө кыргыз тилин даңктайлы
***
Тилден түбөлүктүү, тилден артык өнөр жок.
Ар бир элдин тили — өзүнө улуу
(Ч. Айтматов)
***
Кыргыз тили кылымдарды карыткан,
эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан
***

## Даанышмандар тил жөнүндө

«Тил-бул улуттун руханий күзгүсү,агып турган кубулушу,
тилсиз улут болбойт,тил деген өнүгүп турчу нерсе»

(Чыңгыз Айтматов).

«Башка тилди канча жакшы көрсөм да,эне тилди
сүйгөнүмдөн жаңылбайм»

(Алыкул Осмонов).

«Мен канча тил билсем,ошончо кишимин»

**(Расул Гамзатов).**

«Кыргыз эли сөз берметтерин таза билген байыркы
эл экен»

(Ч.Валиханов).

«Бир ууч кыргыз элинин сөз байлыгы,улуу орус элинин
сөз байлыгынан калышпайт»

(Гатлов).


«Тунук болсом-тилим менен тунукмун.
Улут болсом-тилим менен улутмун.
Анткени тил-ар улуттун улуктугун аныктаар,
Паспорту да,мандаты да,метрикасы улуттун»

(Э.Ибраев)

«Кой маарайт койдун тилинде,
Уй мөөрөйт уйдун тилинде.
Уй-койдон артта калдык ко,
Улуттук тилди билүүдө»

(Б.Сарногоев).


«Эне тилин билбегениң - Эне сүтүн эмбегениң!..»



АЧУУ ЧЫНДЫК!

Кыргызым өз тилиңди бекем сакта,
Тил берген Теңириңди мактап-даңкта.
Кыргызды кыргыз кылган Эне тили,
Кыргызым, өз тилиңди баалап-баркта!.

Эсенбек ЧОТКАРАЕВ




«Улутту улут
кылган - тил!..»

АЧУУ ЧЫНДЫК!



Кыргыз тилим асылдыгын актаган,
Кымбаттыгын бабам Манас жактаган.
Тилин коргоп окко төшүн тоссо да,
Бирок эч ким, Эне тилин сатпаган!.

Уулкан АМИРАЕВА

**Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүү мектеби**




# *Тема: “Мекенди коргоо-ыйык милдетим!“*

Класс жетекчи: Сыдыкбаева Н.

2022-2023-о.ж.

## Тарбиялык кече: «Мекенди коргоо- ыйык милдетим !»

**Сабактын максаты:**Окуучулардын Ата Мекенге болгон сүйүүсүн козгоо. Эр жигиттердин аскерден качпоого, өз журтун коргоого даяр болууга тарбиялоо. Атуулдук сезимин ойготуу.

**Сабактын жабдылышы:**керектүү адабияттар, таркатмалар,сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү**: Окуучулар сабактын башталышында **" Сен аскерге барууну каалайсыңбы?"," Ата Журтту кантип коргойбуз?"** деген суроолорго жооп беришет. Класста жалпы окуучулар талкуулашат. Бүгүнкү күндөгү кыргыз армиясынын абалы жөнүндө да кеп козголот.

**Кыргыз армиясы чакырыктарга даярбы?**

*Кыргыз армиясы мурдагы союздук республикалардагыдай эле жаш армия. Бүтүндөй өлкөдөгү абал сыяктуу эле кыргыз армиясынын да азырынча чама-чаркы чектелүү. Армияда өзгөрүүлөр байкалып, барган сайын бир кадамдан алдыга карай жылыштар болгону менен абдан тездик менен өзгөрүп, өткөн дүйнө төрт кадам алдыга жулуп кетип жеткирбей барат.*

*Ошентсе да адистер кыргыз армиясы учурдун көйгөйү катары бүткүл дүйнөнүн коопсуздугуна бүлүк салып турган террорчулук, экстремизм сыяктуу коркунучтарга такай жардам бере аларына ишенишет. Анын үстүнө Кыргызстан Гланхой кызматташтык уюму, жамааттык коопсуздук келишим уюму сыяктуу уюмдардын алкагында аскердик кызматташууларды тынымсыз жүргүзү п келет.*

**Аскердик кызмат кадыр баркын жоготтубу?**

*Жашы жетип калган уландардын аскерден жаа бою качуусуна, кала берсе кызмат өтөбөө үчүн ар кандай иштерге баруусуна бир канча себеп бар.*

*Алардын эң негизги аскердик дедовщинанын көптүгү. Мындай абалга түшпөш үчүн аскер жашындагы уландардын көбү кызмат өтөөдөн кутулуунун жолдорун издей баштошат. Ошентип аскерден калуунун жолдору изделип атып, текшерүүдөн өткөн, өзүнчө эле бир армиядан калуунун жолдорун үйрөткөн окуулук чыкчуудай болгон түрдүү ыкмалар чыга келди. Алардын бир дагы жогорку окуу жайларга тапшыруу менен аскердик кызматтан бошотулса, окууга өтпөй калгандары кийинки ыкмаларга өтүштү. Айрымдары шашылып үйлөнүп, балалуу болгонго ашыгышат.*

*Анткени, жубайы, жаш баласы барлар аскерге алынбайт, эгер биринчисине кийин удаасы менен дагы балалуу боло турган болсо, биротоло аскердик кызматтан бошотулат. Кыйласы башын оорутпай, дароо эле аскер комиссариатынын жетекчисине же бул тармакта иштеген тааныш билишине же алдынан акча бере коюшат. Өз кезегинде алар аскерге чакырылуучу уланды альтернативдик негизде кызматка калтырып, аскердик күбөлүк алып беришет. Ушул сыяктуу коррупциялык иштер аскердик тармактын алдыга жылышына чоң кедергисин тийгизип жатканы да айтылып келет. Армиянын жашоо шартына да кызмат өтөп келгендердин кыйласынын ичи чыкпайт. Бул жагдайда да жаштардын аскерге баруу ниетин тизгиндеп турат. Акыркы кездерде армиядагы жашоо шарт жакшырып калганы айтылганы менен, дале болсо коррупциялык элементтердин бар экендиги, аскерлердин тамак, аштары түгөл бойдон жетпей, жолдо кыйласы жок болору, ал аз келгенсип, аскерлердин курал кармаганды үйрөнбөй эле талада кетмен чабууга мажбур болгон учурлары кездешери айтылып калып жүрөт.*

***-Мугалим азыр биз макал лакаптарга орун берсек***

*Эр энеден туулат,эли үчүн өлөт.*

*Коенду камыш,эрди намыс өлтүрөт.*

*Жолборс изинен кайтпайт,*

*Жигит сөзүнөн кайтпайт.*

*Чептен эрдин күчү бек.*

*Булбул гүлзарын сүйөт,адам мекенин сүйөт.*

*Ата Журтуңду Манастай сүй,*

*Ала-Тооңо Кошойдой күй.*

*Баатыр бир өлөт,коркок миң өлөт.*

*Байлык жерден чыгат,баатыр элден чыгат.*

*Булбул гүлзаарын сүйөт,адам ,адам мекенин сүйөт.*

***-Эмблема түзүү,аны жактоо***

*Мугалим ар кандай формадагы барактарды таркатат.Ага топтор сүрөт тартуу менен эмблема жасашат.Аны жактап беришет.Мындан сырткары ар бир топ өз ураанын айтыш керек.*

*Мугалим*

*-Кечебизди аяктап жатып апаларыбыздын көз жашы,аталарыбыздын эсепсиз төгүлгөн каны,сансыз өлүмү аркылуу келген мекенибиздин тынчтыгын түбөлүк бек сактайлы.Ал эми Мекенибизди тынч сактоо үчүн биздин уулдарыбыз ,ар бирибиздин мекен алдындагы ыйык милдетибиз,парзыбыз экенин унутпайлы.*

***Үй тапшырма**:"Карегимде Ата Журт!"деген темада чакан дил баян жазып келүү.*

Ы.Акылбеков атындагы №21

жалпы орто билим берүү мектеби.

# “Мекеним-алтын бешигим”

9$^{б}$класс

Класс жетекчи: Сатыкулова Д.

2022-2023-окуу жылы.

# МЕН МАДАНИЯТ ДҮЙНӨСҮНДӨ

## Iчейрек (9 саат)

## 1. Мекеним - алтын бешигим.

*Ата Мекен!*
*Сен ажайып керемет! -*
*Тоодой чалкар.*
*Көлдөй көркөм.*
*Көк асмандай кепкенен.*
*Жүрөгүмдөн бөлүп алгыс,*
*Ак билимден сүйүүм жангыс.*
*Ата Мекен - Ата-энем!*
*А.Б.Элебесова*

**Билим берүүчүлүк максаты:**
- Окуучуларга "гимн", "герб", "туу" ("желек") жана "конституция" түшүнүктөрү жөнүндө маалымат берүү;
- Кыргыз туусунун, гербинин жана гимнинин символикалык касиеттери жөнүндө айтып берүү.

**Өнүктүрүүчүлүк максаты:**
- Окуучулардын маалыматтык маданиятын калыптандыруу;
- Мамлекеттик символика жөнүндө маалыматтарга жана түшүнүктөргө талдоо жүргүзө билүүгө, алардын маани-маңызын туура жана так аныктай билүүгө үйрөтүү;
Таалим-тарбия берүүчүлүк максаты:
- Окуучуларды өз Ата Мекенинин мамлекеттик символикасын мекенчилдик рух менен таанып билүүгө үйрөтүү, Ата Мекенине сыймыктануу сезимин ойготуу;
- Чакан топтордо өз ара байланышта иштей билүү көндүмүн калыптандыруу.
Сабактын тиби: Жаңы билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуу сабагы.
Сабак өтүү ыкмасы: Таанып-билүүчүлүк маалымат берүү, топтордо иштөө, эңгемелешүү.
Сабактын планы:
1. Заманбап Кыргызстандын символдору.
2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби.
3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни.
Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
**егизги түшүнүктөр:** герб, гимн, туу (желек), конституция, көзкарандысыздык, імлекет, эгемендүүлүк.
**абактын жабдылышы:**
Сабактын чоң арилтер менен жазылган аталышы (доскага, плакатка же слайдда);
ыргыз Республикасынын картасы;
ыргызстандын гербинин, туусунун (желек) плакаттары;
ыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнинин тексти, музыкалык жазмасы;

**САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ :**
бөлүк. ЧАКАН ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**. Уюштуруу иштери.**
Мугалим: Балдар, быйылкы жыл президентибиз А.Атамбаев тарабынан «Мамлекеттуулукту бекемдоо» жылы деп жарыяланганын билесинер. Ошон учун бугун Ата Мекенибиз жонундо соз кылабыз.

**2. Таанышуу.**
**1-кадам.** «Кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдоо» жылгына арналып өтүлүп жаткан " Мекен - астанадан башталат» темасындагы сабакты кызыктуу жана натыйжалуу өткөрүү максатында мугалим окуучуларга алдын-ала даярдап, столдун үстүнө тизип койгон беш түрдүү түстөрдөгү барактардын ичинен ар кимиси өздөрү каалаган түстөгү барактарды тандап алуусун сунуш кылат.
**2-кадам.** Окуучулар ирети менен өздөрүнүн аты-жөндөрүн айтып таанышышат жана эмне үчүн ушул түстөгү баракчаны тандап алганын кыскача, бир сүйлөм менен айтып өтүшөт.
**3. Ишке киришүү.**
**3-кадам.** Окуучулар тандап алган түстөрү боюнча топторго бөлүнүп отурушат.
Сары түстөгү баракта: Кыргыз Республикасынын символдору,
Кызыл түстөгү баракта: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби,
Көк түстөгү баракта: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу,
Жашыл түстөгү баракта: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни,
Ак түстөгү баракта: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, - деп жазылган.
Таратылып берилүүчү барактардын тематикалык тексттери 4-бөлүмчөдө берилди.
**4-кадам.** Мугалим окуучуларды топторго бөлүнүшү менен куттуктап, ар бир топко алдын-ала даярдап койгон "белектерди" тапшырат. Ал "белектер" - Кыргыз Республикасынын символдору, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни, Кыргыз Республикасынын Конституциясы тууралуу маалыматтар жазылган баракчалар. Андан соң мугалим окуучуларга тапшырманы аткарууга киришүүнү сунуш кылат. Тапшырманы аткарууга 10 мүнөт убакыт

берилет.

**5-кадам.** Окуучуларга тапшырманын темасы алдын-ала жазылып коюлган флипчарттар жана маркерлер таратылып берилет. Окуучулар тапшырманы баракчадагы тексттин жана мурдатан окуп билген маалыматтарынын жардамы менен аткарышат. Тапшырма чыгармачылык менен ар кандай көрүнүштө даярдалышы мүмкүн. Мисалы, кластер, таблица, Венндин диаграммасы, синквейн, текст ж.у.с. түрүндө. Тапшырмаларды кыскача жана кызыктуу кылып даярдоого мугалим көмөктөшөт.

**6-кадам.** Топтор тапшырманы аткарып бүткөндүктөрүн кол чаап билдиришет. Бардык топтор толук аткарып бүтүшкөндөн кийин тапшырмаларды аткарып бүтүү ырааты боюнча ар бир топтон 1-2 окул чыгып, өз темаларын жакташат.

**4. Таратылып берилүүчү барактардагы тексттер:**

Кыргыз Республикасынын символдору (Сары түстөгү баракта)

(Плакатты көрсөтүү)

Жер жүзүндөгү мамлекеттердин дээрлик баардыгынын тең герби, туусу (желек), гимни жана конституциясы болот. Анткени алар - мамлекеттин башкы символдору. Кыргыз Республикасынын заманбап символдору качан пайда болду эле? Кыргызстандын мамлекеттик символдорунун ар биринин өз тарыхы бар. Кыргыз Республикасы 1990-жылы 31-августта көзкарандысыздыкты алгандан кийин өзүнүн эгемендүү гербине, туусуна, конституциясына жана гимнине, ошондой эле улуттук валютасына - сомго - расмий түрдө ээ болгон

"Символ Sumbolon (Sumbol) деген грек тилинен алынып, белги, мүнөздүү белги, уруксат белгиси деген маанини түшүндүрөт. Көпчүлүк сөздүктөрдө символ төмөндөгүдөй түшүндүрүлөт.

Символ - материалдык предметтердин жыйындысынын белгиленген элементин, белгилерди көрсөтүүдө колдонулат. Ошондой эле символ кандайдыр бир ойду, идеяны билдирет. Символ бир эле мезгилде ар түрдүү мааниге да ээ.

Биздин оюбузча, символ муундан-муунга берилүүчү буюм, нерсе, окуялардын социалдык жактан белгиленген мазмундуу мааниси: күн, тоо, дарак, туу, шакек, крест ж.б. түрүндө каралат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби (Кызыл түстөгү баракта)

(Плакатты көрсөтүү)

Гербдерди өздөштүрүп изилдөөчү илим геральдика деп аталат.

Адамдар гербдерди качан ойлоп табышты эле? Гербдердин тарыхы жүздөгөн жылдар мурда эле башталган. Байыртадан бери эле уруу башчыларынын мураскерлери өз уруусуна башчылык менен бирге анын эн тамгасын (белгисин) кошо мурастап келишкен. Мына ошол уруулук белгилер - эн тамгалар - геральдиканын башаты болуп саналат.

Уруулардын жана уруу бирикмелеринин асабаларында (туу, желек, байрак) аларды бири-биринен айырмалап турган ар кандай сүрөттөр түшүрүлгөн.

Мугалим окуучуларга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби кандай экендигин сүрөттөп айтып берүүнү сунуш кылат. Андан кийин класс менен чогуу гербдин курамдык бөлүктөрүн сыпаттап аныкташат (тоодон чыгып келе жаткан күндүн, ыйык асмандын ээси тоо бүркүтү - Манас менен Семетейдин Акшумкарынын, ак мөңгүлүү Ала-Тоонун, касиеттүү Ысык-Көлдүн, буудай менен пахтанын сүрөттөлүшү, түстүн мааниси).

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби Кыргыз Республикасынын Жогорку Сессиясында 1994-жылы 14-январда № 1420-XII токтому менен бекитилген.

Авторлору: А.Абдраев, С.Дубанаев.

Кыргызстандын мамлекеттик символу - гербде ак кыр кууланган көк түстөгү тегеректин ортосунда көк мелжиген тоону мекендеген кыргызстандыктардын бийик ой-максатын билдирген Ала-Тоо кыркалары, айкөлдүктү жана көрөгөчтүктү туюндура канат жайган тоо бүркүтү ак шумкар, жаратылыштын ажайып кооздугунун, өмүр булагынын жана күч-кубаттын символу болгон мелмилдеген Ысык-Көл, алтын нурларын чачыратып тоо башынан чыгып келаткан Күн чагылдырылган. Ал эми тегеректин жогорку бөлүгүндө "Кыргыз", төмөн жагында "Республикасы" деп жазылган.

- Мамлекеттик герб кайсы жерлерге жайгаштырылат? (Өкмөт Үйүнүн, Жогорку Кеңештин имараттарында жана башка өкмөттүк имараттарда, паспортто, мамлекеттик мөөрлөрдө, чегара түркүктөрүндө, расмий документтерде, аскер бөлүктөрүнүн кужурмөн тууларында, Кыргыз Республикасынын Президентинин штандартында (туусунда) ж.б.)

??Плакатка (доскага) жана дептерге жазуу: Герб - шаардын же мамлекеттин айырмалап туруучу белгиси. Көгүлтүр Ысык-Көл жана ак мөңгүлүү Ала-Тоо - жаратылыштын ажайып сулуулугунун, өмүр булагынын жана күч-кубаттын символдору. Тоо башынан ай-ааламга алтын нурларын чача чыгып келаткан Күн - жашоонун символу. Ак Шумкар - жоомарттыктын, кыраакылыктын, тоолуу өлкөнүн жалпы жарандарынын мүдөө-максаттарынын бийиктигинин, баатырдыктын, акылдуулуктун жана сулуулуктун символу.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу (Көк түстөгү баракта)
(Плакатты же слайдды көрсөтүү)

"Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун кызыл түсү эрдиктин жана кайраттуулуктун символун, өзүнүн нурларына бөлөнүп жаткан алтын түспөл күн тынчтыкты жана байлыкты, ал эми түндүк - ата-бабалардын үйүн, кеңири мааниде, ааламды туюндурат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу ортосуна кырк нуру тегиз чачыраган алтын түстөгү күн алкагынын, күн алкагынын ичине кыргыз боз үйүнүн кызыл түстөгү түндүгүнүн сүрөтү түшүрүлгөн тик бурчтуу кездемеден жасалган. Туунун эни анын узундугунун бештен үчүн түзөт. Нурлуу алкактын диаметри туунун энинин бештен үчүн түзөт. Күндүн жана нурдуу алкак диаметрлеринин катышы - 3/5кө барабар. Түндүктүн диаметри нурдуу алкактын диаметринин жарымына барабар.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу Жогорку Кеңештин 1992-жылдын 3-

ıартындагы 8-сессиясында кабыл алынган, 5-мартта Өкмөт Үйүнүн имаратында алтанат менен көтөрүлгөн. Туунун авторлору: Э. Айдарбеков, Б. Жайчыбеков, С. Іптаров, Ж. Матаев, М. Сыдыков" .

Плакатка (доскага) жана дептерге жазуу: Кыргызстандын туусунун түсү кызыл, ртосуна кырк нуру тегиз чачыраган алтын түстөгү күн алкагынын, күн алкагынын ічине кыргыз боз үйүнүн кызыл түстөгү түндүгүнүн сүрөтү түшүрүлгөн..

## Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүү мектеби



Тема: **«ЭЛ БИРИМДИГИ-КӨП ТҮРДҮҮЛҮКТӨ!»**

8-класс

Мугалим: Райымбердиева Б.

2022-2023-окуу жылы.

# -СЕНТЯБРДАГЫ КЛАССТЫК СААТ: ЭЛ БИРИМДИГИ КӨП ҮРДҮҮЛҮКТӨ 8-КЛАСС

Сабактын максаттары:

илим берүүчүлүк:

- «маданий көп түрдүүлүк» деген эмне экендигин түшүндүрүп беришет;
- «Кыргыз жараны» түшүнүктү аныкташат;

нүктүрүүчүлүк:

- маданий көп түрдүүлүктүн маанилүүлүгүн белгилешет;

арбия берүүчүлүк:


- бөлөк элдердин маданиятында эмне баалуу экендигин түшүндүрүп беришет;
- Мекениңерге болгон сезимдеринерди билдиресиңер.

егизги түшүнүктөр: мамлекеттик символдор, бейне (образ), маданий ар рдүүлүк. Кыргыз еспубликасынын мамлекеттик символдору: Мамлекеттик туу, Мамлекеттик герб, Кыргыз еспубликасынын Мамлекеттик гимни. Бейне – ул силер эстеген же элестеткен көрүнүш. аданий көп түрдүүлүк – бул коомдоштукта, өлкөдө көптөгөн өтө ар түрдүү маданияттардын арлыгы. Бул коомдо бөлөк маданияттардын өзгөчөлүктөрүнө сый мамиле кылууну да билдирет. абактын жүрүшү Чакыруу

көнүгүү. Кайсы өлкөнүкү? Сүрөттөр менен өлкөлөрдү дал келтиргиле.





лардын ичинен кайсылар силердин жашооңорго тиешелүү?

Ар кайсы маданияттардын буюмдары менен көрүнүштөрү биздин турмушубузга сиңиши эмне үн керек?

Силердин оюңарча, «маданий көп түрдүүлүк» деген эмне? Мисал келтиргиле.

аалымат менен иштөө 2-көнүгүү. Тайпаларда иштөө.

здин өлкөнүн аймагынын 90%дан көбүн тоолор ээлейт, Кыргызстанды асман мелжиген тоолордун кесү деп бекеринен айтышпайт. Алыкул Осмоновдун ырын окугула.

ыргыз тоолору

ого тоолор курамалап, курашып,
ун тартып, уламалап, улашып,
да кайда кебез тартып келаткан,
рбенчинин төөлөрүндөй чубашып.

ра зоолор ар кай жерде каркайып,
тмарлашып, калың тартып заңкайып.
маз сындуу көккө тийген миздери,
стандын азуусундай арсайып.

әңгү кетпей чокулары жалтырап,
ңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап,
жагынан бер жагына куш эмес,
аң гана бороон өтөт калтырап.

аз келерде эң биринчи жаз конуп,
ыш болордо эң биринчи кыш тонуп.
і ааламга ай тие элек кезинде
ң биринчи ай жамынып ак болуп.

үн болордо эң кийинки түндү алып,
үз жерлерден кийин кетип мунарык
үйнө жүзү көзүн ача электе
ң биринчи күндү тосуп кызарып.

кын тоолордун сулуулугун кайсы бейнелер менен чагылдырган? Таблицаны толтургула.

илердин сезимиңерди
илдирген сөздөр.

абияттын сулуулугун
үреттеген сөздөр.

втор кандай
алыштырууларды
елтирет?

ул ырында акын кандай
йду айткысы келген?

мне үчүн бул ыр саптары
ыргызстандын эли үчүн
аанилүү?

алдар, келгиле, Кыргызстандын жараны ким экенин билели.

Кыргыз жараны» — этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан Кыргыз еспубликасынын Конституциясына ылайык укуктарга жана милдеттерге ээ болгон Кыргыз еспубликасынын жараны.

Кыргыз жараны» өлкөнүн атынан – Кыргыз Республикасынан келип чыккан жана өз мекенин үйгөн, өз өлкөсүнүн жыргалчылыгы үчүн жашап жана эмгектенген бардык этностук коомчулуктарды ириктирген жалпы жарандык иденттүүлүк болуп саналат. Коомдогу тынчтыкты камсыз кылып, ыргызстанга туруктуу өнүгүүнү тартуулаган да дал ушул Кыргыз жараны.

-көнүгүү. «Кыргызстан/Мекен» деген сөздү укканда, кандай бейнелерди элестетесиңер? Тактага азгыла.

-көнүгүү. Өзүңөр образ боюнча ыр (синквейн) жазгыла.

*Синквейн түзүү эрежеси*

*ат атооч*______________

*Сын атооч* ____________ , ______________ ,

*Этиш* ____________ , _____________ , ____________ ,

*емага карата мамилени көрсөтүүчү сөздөрдөн турган сүйлөм*

*зат атооч -биринчи сөз менен байланышкан сөз теманын маңызын чагылдырат*

Рефлексия

-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

*1) Маданий көп түрдүүлүк бул…2) Кыргыз жараны …*

*3) Менин мекеним…*

1.09

Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси.




# Тема: Кыргыз жараны-жалпы жарандык иденттүүлүк.

10 - класс

Класс жетекчи: Кучконбаева М.

**2022-2023-окуу жылы**

Байкашка-Терек айылы

# -СЕНТЯБРДАГЫ КЛАССТЫК СААТ: КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ – ЖАЛПЫ ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК 10-11 КЛ

*10-11-класстар үчүн класстык саат*

Максаттары:

Билим берүүчүлүк:

«Иденттүүлүк», «Кыргыз жараны» түшүнүктөрүнө аныктама берет;

— Кыргыз жараны жалпы жарандык иденттүүлүк принциптерин түшүндүрүшөт; Өнүктүрүүчүлүк:


— жарандык иденттүүлүк принциптерин Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен байланыштырат;

Тарбия берүүчүлүк:

— Кыргыз Республикасынын жарандарынын конституциялык укуктары жана милдеттери жөнүндө билимди кыргыз жараны түшүнүгүнө ылайык колдонушат.

Керектүү ресурстар: такта, сүрөттөр: Кыргыз Республикасынын желеги, герби, ватман, фломастер.

1-тапшырма. «Өзүңдү тааныштыр". «Мен» кластерин түзгүлө. Эки-экиден болуп талкуулагыла.




Жалпы талкуу: *Канча инсандыгыңыз бар?*

- *Кандай инсандыктар өзгөрүшү мүмкүн?*
- *Коомдун көп түрдүүлүгү менен инсандын көп түрдүүлүгү кандай байланышта?*

Мугалим 1-тапшырманы жыйынтыктайт. Ар бир адамдын:көп инсандыктары бар;өзүнүн гендердик иденттүүлүгүн билет;этникалык коомчулук менен байланышты сезет (өз улутун түшүнөт);динге ишенүү, өзүнүн динин же атеист болууну тандайт;инсандыгын өзгөртөт.

2-тапшырма. Балдар, келгиле, 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы менен таанышалы. (1-тиркеме)

окументти окуп, менталдык картаны түзгүлө: максат, принциптер, багыттар. Концепциянын принциптерин мисалдар менен түшүндүргүлө.

3-тапшырма. 5 топто иштөө. Кырдаалдарды (кейстерди) талкуулагыла.
1-кырдаал. Башкаларга сабырсыз мамиле кылуу
Коомдо "башкага" – түрдүү диний жана этникалык топторго, майыптарга карата чыдамсыздык өкүм сүрүүдө.
*Көп түрдүүлүгүн сыйлабоо коомдун биримдигине кандай таасир этет? Башка этностук топторго (улуттарга), динге жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата сабырсыздыкты кантип жеңе алабыз?*

2-кырдаал. Жарандык укуктары жана милдеттери
Коомдо адамдар өз укуктарын билип, талап кылышат, бирок мамлекет алдындагы милдеттерин аткарбаган кырдаал түзүлүп жатат.
*Кыргызстандын жарандарынын милдеттери кандай?Адамдардын өз укуктарын коргоп, жарандык милдеттерин аткарышы үчүн алардын жоопкерчилигин кантип жогорулатуу керек?*

3-кырдаал. Биргеликте жашоо *Жалпы жарандык маданият эмнени камтышы керек деп ойлойсуңар? Жарандардын ортосундагы мамиле кандай болушу керек? Жалпы жарандык маданият Кыргыз жарандык өзгөчөлүгүн калыптандырууга кандай салым кошо алат?*

4-кырдаал. Кыргызстанда көп адамдар мамлекеттик тилди билбейт. *Мамлекеттик тилди билүү Кыргыз жараны жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышына жана коомдун биримдигине кандай таасирин тийгизет? Мамлекеттик тилди үйрөнүүнүн абалын кантип оңдоого болот?*

5-кырдаал. Билим берүү мекемелери: мектептер, лицейлер, ЖОЖдор жана алардын имараттары, спорттук аянтчалар, мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн ылайыкташтырылган эмес.Буга байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар көбүнчө мектепке барбай, жумуш таба албай, коомдон обочолонуп калышат. *Бул учурларда мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын кандай укуктары бузулат?Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга биз менен коомго аралашууга жана жашоого кантип жардам бере алабыз?*

Кайтарым байланыш: *Бүгүн сабакта эмнени билдим?Мен үчүн эмне кызык болду?Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу үчүн мен эмне кыла алам?*

1-тиркеме

2021-2026-ЖЫЛДАРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ ДЕП ЖАРАНДАРДЫН ӨЗҮН ТААНУУСУН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КОНЦЕПЦИЯСЫ
Кыргыз жараны – бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. Кыргыз жараны өлкөнүн аталышы болгон – "Кыргыз Республикасы" аталышынан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат.

КОНЦЕПЦИЯНЫН ПРИНЦИПТЕРИ, МАКСАТЫ, НЕГИЗГИ АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ ЖАНА КҮТҮЛГӨН НАТЫЙЖАЛАР Концепциянын негизги принциптери: Кыргыз Республикасынын бардык бекитилген конституциялык ченемдерин жана мыйзамдарын сактоого багыт алуу;

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө;

ыктыярдуулук, көп түрдүүлүктү урматтоо жана таануу, жарандардын укуктары менен милдеттеринин, ар түрдүү көз караштагы ар кандай топтордун ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоо;

- Кыргыз жаранын жана мамлекетти өнүктүрүүгө кызыкдар болгон бардык тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана өнөктөштүгү.Концепциянын максаты: Кыргыз жараны деп өзүн таанууну өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрө түзүү.

•

Концепциянын артыкчылыктуу багыттары:

1. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу.
2. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо.
3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү.
4. Башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууга бирдей шарттарды түзүү.
5. Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

1-багыт. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу

Кыргыз жараны – бирдейлигин аң-сезимдүү түрдө түшүнүүгө жетишүү жарандардын реалдуу тең укуктуулугун камсыздоону, улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү жана өлкөнүн калкынын укуктук жана саясий маданиятынын деңгээлин жогорулатуу аркылуу алардын конституциялык укуктарын жана милдеттерин ишке ашырууну талап кылат.

2-багыт. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо.

Улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги бардык уюмдардын ишмердүүлүгү коомдун биригүүсүнө көмөктөшүүгө багытталышы керек, мында ар түрдүү региондук жана этностук жамааттардын, диний конфессиялардын ж.б. кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу жана Кыргыз жаранынын жалпы жарандык кызыкчылыктарын калыптандыруу зарыл.

3-багыт. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана илгерилетүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү ушул Концепцияны жүзөгө ашыруунун маанилүү шарты болуп эсептелет. Ошондой эле көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү маанилүү. Көп тилдүүлүктү өнүктүрүү Кыргызстанда жашаган ар бир этностун эне тилин сактоосу жана өнүктүрүүсү менен байланышкан.

4-багыт. Башкарууга жана чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуу үчүн бирдей шарттарды түзүү.

Өлкөдө мамлекеттик бийлик органдарынын алдында түзүлгөн коомдук кеңештер, кызыкдар топтордун катышуусунда өткөрүлүп келе жаткан коомдук угуулар жана консультациялар, курултайлар жана жарандык форумдар сыяктуу мамлекеттик саясатты түзүүгө жана чечимдерди кабыл алуу процесстерине жарандардын катышуусун камсыздоочу түрдүү механизмдер түзүлгөн.

5-багыт. Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

Ушул максатта мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу системасын иштеп чыгуу жана аны башкаруунун бардык деңгээлдеринде киргизүү зарыл. Натыйжалуу мамлекеттик башкаруунун негизин жарандарды укуктук коргоону камсыз кылган жана мыйзамдуулукту жана адам укуктарын сактаган адилеттүү сот системасы жана укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгү түзөт.

Класстык саатты даярдаган:

Карап чыктым 12.08.2022




*Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдыгына карата*

Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү

Колдонулган методдор: интерактивдүү окутуунун методдору, ыкмалары

Сабактын жабдылышы: Таркатма материалдар (текст №1 тиркеме), флипчарт-ватман, маркер, ролик, слайддар ж.б.

Сабактын жүрүшү:

Мугалим: Саламатсыңарбы балдар! (балдарга согуш эпизоду слайд аркылуу көрсөтүлөт). Бул сүрөттөн эмнени байкап жатасыңар?



Эки-экиден болуп иштеп, графикти толтургула. Сүрөттөн кимдерди, эмнелерди көрүп жатасыңар, көрдүм бөлүгүнө, эмнени сезип жатасыңар сездим бөлүгүнө, эмнелерди uктуңар уктум бөлүгүнө жазгыла. (5 мүнөт убакыт)

Сездим

Уктум

Көрдүм

Окуучулар жазгандарын окуп, айтып беришет.— Демек, балдар, бүгүнкү тарбиялык сабагыбыз эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар?

Биздин бүгүнкү тарбиялык сабагыбыз Улуу Ата Мекендик согуш учурунда көрсөткөн эрдиги бүткүл Союздун ичинде легендага айланган, Советтер Союзунун баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдыгына арналган «Өлбөс-өчпөс эрдик» деген темада болмокчу. Бүгүнкү сабакта Ч.Түлөбердиевдин өмүр баяны, эрдиги жөнүндө кеңири маалымат алабыз жана талдайбыз, өз ойлорубузду айта алабыз.

— Балдар, *Эрдик деген сөздү кандай түшүнөсүңөр? Келгиле, кластер түзүп көрөлү.*

Демек, балдар, эрдикти кандай адамдар жасай алышат? Эр жүрөк — коркууну, кайра тартууну билбеген жалтанбас, тайманбас баатырлар жасайт экен. Сүйлөм түзүп көрөлү: Чолпонбай сыяктуу эр жүрөк уулдарыбыз элибиздин сыймыгы болот. Эрдик билекте эмес, жүрөктө ж.б.

Чолпонбай Түлөбердиев жөнүндө эмнени билесиңер? Ал кандай өлбөс-өчпөс эрдик жасаган? (Окуучулардын оюн угат, ойлорун чогуу талдашат.) Анда эмесе, балдар, тереңирээк маалымат алуу үчүн тексттер менен таанышып көрөлү. Алдыбыздагы конверттердин түсүнө карап топторго бөлүнөбүз. (мугалим алдын ала 3 түстөгү конверттерге 3 түрдүү текстти конвертке даярдап, окуучулардын астына коюп коет. Башка жол менен деле 3 топко бөлсө болот). Ар бир топ текст менен таанышып, өзүнөр каалаган формада (кластер, долбоор ж.б.) презентация даярдайбыз. 15 мүнөт убакыт.

Топтордо иштөө 1-топ

Чолпонбай Түлөбердиев Талас облусундагы Киров районуна караштуу Чымкент кыштагында 1922-жылы 13-апрелде дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Белгилүү жазуучу Касымалы Жантөшев «Чолпонбай» аңгемесинде болочоктогу баатырдын жайлоодо таңга жуук жарык дүйнөгө келгендигин, Түлөберди атанын асмандагы жаркырап турган Чолпон жылдызын көрүп, наристесине ушул атты ыйгаргандыгын жазат. Ал 11 жашка чыкканда атасынан айрылат. Ошентип болочоктогу баатырдын апасы Сууракe төрт баласы менен жалгыз калат.

Жумуштан качпаган мээнеткеч бала. Советтик режим жаңы гана курулуп, бүт өлкөнү оор заман коштоп турган кезде жетим калган үй-бүлөнүн башынан оор мезгилдер өтөт. Кичинекей Чолпонбай апасын кор кылбай багуу үчүн жаштайынан кара жумушка бышып, талаада чоңдор менен теңата иштеп, абдан мээнеткеч болуп чоңоёт. 1933-жылы мектеп босогосун аттаган жаш бала жети жыл билим алат. Сабактарына жакшы көңүл буруп, окуусун татыктуу аяктаган соң колхоздо түрдүү жумуштарда иштей баштайт. Анын замандаштарынын айтымына караганда, Чолпонбай сымбаттуу, куулук-шумдугу жок жигит болгон.

Калктын башына кара түн түшүп, 1941-жылы Улуу Ата Мекендик Согуш башталат. Мекенди коргоо үчүн кыргыз жигиттери майданга аттана баштайт. Чолпонбай Түлөбердиев да ошол эр-азаматтардын катарында 1941-жылы декабрь айында Кызыл Армиянын катарына кошулат. Ошентип 19 жашка толгон жигит кандуу казатка аттанат.

2-топ

Чолпонбай Түлөбердиев баскынчылар менен болгон айыгышкан кармашта – Воронеж облусунун Лескинский районуна караштуу Селявный кыштагын бошотууда болуп көрбөгөндөй эрдик көрсөтөт. Согуш оту алоолонуп турган 1942-жылдын 6-августунда Түлөбердиев Воронеж фронтунун 6-армиясындагы 160-аткычтар дивизиясынын 636-аткычтар полкунун жоокери болчу. Ошол күнү полк Дон дарыясынын бир өйүзүн ээлеп турган. Ал эми дарыянын ары жагындагы Селявный кыштагы душмандын карамагында болчу. Фашисттер кыштактагы 120 метр бийиктиктеги дөңсөөгө тыгыз жайгашып, советтик аскерлерге каршы ок жаадырып, өткөрбөй турушкан. Ошол күнү жогору жактан айылды кандай гана болбосун ээлегиле деген буйрук келет. Аны аткаруу үчүн Чолпонбай он жоокер менен бирге душмандын уюгун көздөй жөнөйт. Советтик аскерлер сууну сүзүп өтүп, каршы жээкке чыгат. Бирок немистердин дөңсөөдө жайгашкан замбиректери тынбай ок чыгарып, алардын жолун торойт. Кыштакты ээлөөнүн жалгыз жолу замбиректер жайгашкан дзотту жок кылуу эле. Ошондо жыйырмага жаңы толгон кыргыз жигити баарын өз колуна алат. Алгач курунан эки граната алып чыгып ок чачкан уюкка ыргытат. Жардыруудан улам замбиректер бир саамга тынчый түшөт. Чолпонбай аларга карай жүгүргөндө оң далысына ок жеп жыгылат. Бирок жарадар болгонуна карабай, бүт күчүн жумшап дзоттун оозун денеси менен басып жыгылат. Анын бул эрдиги душмандын ок атуусун аз убакытка болсо да токтотот. Бирок бул кызыл армиячылар үчүн жетиштүү эле. Алар чабуулга өтүп, дзотту жок кылып, кыштакты ээлешет.

3-топ

Баатырдын сөөгү өзү эрдик менен курман болгон Селявный айылындагы дөңсөөгө коюлган. Аны менен бирге болгон жолдоштору жана командирлери мүрзөгө жыгачтан эстелик коюшуп, «Сага, кыргыз элинин баатырына, түбөлүк даңк! Элдин ишенимдүү уулу

үлөбердиев Ата Мекендин даңкына өзүнүн эрдиги менен өзүн жана элин өлбөс-өчпөс даңкка бөлөдү!» – деп сыя калем менен жазышкан. Ошондой эле анын чөнтөгүнөн гезиттен кыркып алынган М. И. Калининдин сөздөрү табылган. Анда «Өмүр – адам үчүн эң баалуу нерсе, бирок андан кымбаттуу нерсенин урматына өмүр курмандыкка кете турган учурлар да болот экен, ал эми өмүр – өз мамлекетин, улуттук көз каранды эместикти сактоо үчүн курмандыкка чалынат», – деп жазылган.

Чолпонбай Түлөбердиевге көрсөткөн эрдиги үчүн 1943-жылы 4-февралда «Советтер Союзунун Баатыры» деген наам берилген. Андан тышкары, «Кызыл Жылдыз» медалы, Ленин ордени ыйгарылган. Ошол эле учурда азыр баатыр төрөлгөн айыл анын атын алып жүрөт. Кичи мекенинде анын музейи жана окко төшүн тоскон жоокердин эстелиги турат. Андан сырткары, Воронеж облусундагы Селявный жана Киров айылдарында баатырдын эстеликтери орнотулган. Облуска караштуу Нововоронеж шаарындагы жана Селявный менен Давыдовка айылдарындагы мектептерге, Лиски шаарындагы көчөгө аты берилген.

*Ар бир топ даярдаган презентацияларын жактоого 5 мүнөттөн убакыт берилет. Топтун иши суроо-жооптор аркылуу толукталып, баа берилип, кол чабуу менен коштолуп турат.*

Кайтарым байланыш 5 мүнөт.

— Кандай жаңы маалыматтарды алдыңар?

— Бул теманын баалуулугу эмнеде деп ойлойсуңар?

Жыйынтык: Балдар, бүгүнкү сабакта Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги Экинчи дүйнөлүк согуштун тарыхында өзгөчө орунда тура тургандыгын билдик. Чолпонбай Түлөбердиев сыяктуу биздин аталарыбыздын, чоң аталарыбыздын улуу эрдиктерин эсибизге сактоо жана аны кыргыз элинин өсүп келе жаткан муунуна жеткирүү биздин ыйык милдетибиз. Биз бүгүн тынч заманда жашап жатабыз. Бул үчүн биз арабызда жүргөн ардактуу ардагерлерге жана Согуштан кайтпай калган баатырларга милдеттүүбүз.

Жеңиш күнүнө карата баатырларыбызга таазим кылып, эскерип турабыз. Бишкекте Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевге арналган эстелик жана парк ачылды. Чолпонбай Түлөбердиевдин атында мектептер, кесиптик окуу жайлары, көчөлөр бар. Акын-жазуучулар баатырга арнап, К.Жантөшев, А.Өмүрканов ж.б. чыгармаларын жаратышты.

Эрдигиңерге таазим!!! Түбөлүк даңк биздин баатырларга! Ушул бейпилдикти берген ата-апаларыбызга түбөлүк таазим кылалы деп сабагыбызды аяктайбыз.

Үйгө тапшырма: «Баатыр болуп төрөлбөйт, баатыр жаралат» деген темада өзүңөр каалаган (ыр, сүрөт, аңгеме, эссе, тексттерди жана кошумча матералдарды пайдаланып кроссворд, викторина) түзсөңөр болот.

**Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси.**

# Тема: Тарых жана ата бабаларды эскерүү күнү

**Класс жетекчи: Мамытова Н.**

9 II

…ктын темасы: 7-8-ноябрь – Тарых
…на ата-бабаларды эскерүү күнү.

Сокмокко болгон бабаларыбыздын бай тарыхы. Кыргызстанда 7-8-ноябрь Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнү катары белгиленүүдө.

Айтылышы бир сөз, бирок маанисинин жолдорго таткан бул расмий эскерүү күндөрү – Кыргыз элинин таң калтырган тарыхындагы өтө орундуу учурларды, далай кыл чайнаткан кыйын кезеңдерди өтүп, бүгүнкү көз карандысыз мамлекет катары өз алдынча туундук көтөрүп турган мезгилге чейинки окуяларды камтыйт.

Азыркы элим-дилибиз – Манаста айтылган доорлордон бери эңсеген тилегибиз бар. Ушул ак мөңгүлүү Ала тоону каны-жаны менен коргоп бүгүнкү муундарга мурас калтырган ата-бабаларыбызга рахмат. Алардан басып өткөн жолу мамлекетибиздин байсалдуу тарыхы бар, аныктоочу орток көздөгөн максаттары биз үчүн ыйык. Кыргыз тарыхында бирде жыргап сүйүнткөн, бирде эзгенде же акылыңдан тандырган тарыхый окуялар көп эле өткөн.

унусун айткан бул Улуу Үркүн.
жылдарын эзүүдөн жана чеккен кыйынчылыкка карыш көтөрүлгөн. Кандо кызыл кыргын, кандуу кармаш башталган.

Адамзат коомунун өткөн жолун изилдөөчү илим бул тарых. Ошол эле учурда 3000 жылдык тарыхыбыз кашкайып жазылып турат. Жа- тарыхый инсандардын ишмердүүлүк то-гун билебиз. Улуу Ата Мекендик согушта нечендеген ачуулар кайгылар, ошол кездеги жашаган ата-бабаларыбыз көтөргөн болсон азыркы кездеги жашап жаткандар үчүн курман болгон. Биз тарыхты жаратуучулар эмеспиз. биздин тарых жараткан.

Өткөн жолду унуткан эл.
Келечекке жол таппайт.

Тарыхка этибарга албаган улуттун өткөнү жок жана келечеги жок.

Ы. Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектеби-мекемеси

# Тема: “23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнү”

7 ᵃ класс

Класстык мугалим: Курманалиева Ж.

2022-2023-окуу жылы

# 23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнү.

1918-жылы дал ушул күнү Кызыл Гвардия отряды Германиянын аскерлерин Псков жана Нарва аймагынан алгачкы жолу жеңип алган. Бул алгачкы жеңиш " Кызыл Армиянын туулган күнү" деп аталып калган.

1922-жылы бул дата расмий түрдө Кызыл Армиянын күнү деп жарыяланган. Кийин СССР маалында бүткүл элдик майрам 23-февраль - Советтик Армиянын жана аскер деңиз флотунун күнү деп, жыл сайын белгилене баштаган.

- Совет доорунда 23-февраль кадимки эле иш күнү болгон. Анда бул майрам чоң шаан-шөкөт менен белгиленбесе дагы ар бир советтик жигиттин мекенчилдик сезимин көтөргөн маанилүү майрам болгон.

Советтер Союзу тарагандан кийин Кыргызстанда бул дата жалпы элдик майрам катары киргизилип 2003-жылдан тарта бул күн календарда кызыл дата болуп белгиленип келет. Кыргыз өкмөтү атайын токтом кабыл алып жаш өсүп келе жаткан муунду мекенчилдикке тарбиялоо максатында 23-февраль Ата Мекенди коргоочулардын күнү деп жарыялаган.

Ошондон бери бул күн Ата Мекенди коргоочулардын күнү деп белгиленип келет.

Ал эми Кыргызстандын куралдуу күчтөрүнүн күнү 29-майда майрамдалат.

## Жигиттер

Жигиттер бирде жоош, бирде тентек,
Сулуу кыздын жанында өтө элпек.
Сүйлөшүп, сырын билип
алгандан соң,
Адат болот үйүнө күндө келмек.

Жигиттердин бири баатыр, бири
мырза,
Мактанышат кичине эле аты чыкса.
Жасап сүйлөп, түзөп басып калышат,
Көчөдөгү кыздар сынап көзүн кысса.

Жигиттер түшүнүктүү, кээде орой,
Сынашат ким өтсө да жанын койбой.
Көчөдөн көрүп калса сулуу кызды,
Карашат, таңыркашат көзү тойбой.

Жигиттер, ай жүзүндөй сулуусуңар,
Кыздар үчүн күндүн чачкан нурусуңар.
Эл үчүн чек арада жоокерсиңер,
Эне үчүн асманда аппак булутсуңар.